**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ**
**МИНИСТРЛИГИ**
**№12 ЫДЫРЫС КАДЫРКУЛОВ АТЫНДАГЫ**
**ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ОРТО МЕКТЕБИ**
721503, Кыргыз Республикасы,
Жалал-Абад обл., Тогуз-Торо р-ну,
Кош-Булак а., Кайыңды 12
e-mail:ydyryskadyrkulov28@gmail.com

**МИНИСТЕРСТВО**
**ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА**
**№12 ИМЕНИ ЫДЫРЫСА КАДЫРКУЛОВА**
721503, Кыргызская Республика,
Жалал-Абадская обл., Тогуз-Тороуский р-н,
с. Кош-Булак , ул. Кайыңды 12
e-mail: ydyryskadyrkulov28@gmail.com

# БУЙРУКТАН КӨЧҮРМӨ

с.Кош-Булак Кош-Булак айылы

«01» 09 2022-жыл №38

## 1-4-класстарга ысык тамак берүү жөнүндө

1. №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде 2022-2023-окуу жылында окуучулардын ысык тамак ичүүсү үчүн шарттар түзүлүп, уюштурулсун;
2. 2022-жылдын 1-сентябрынан баштап ысык тамак бериле баштасын;
3. Ашпозчу медициналык кароодон өз учурунда өтүп турсун;
4. Тамак жүгуртмөгө ылайык берилсин, класс жетекчилер коштоп барып, көзөмөлгө алып турсун;
5. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жоболор тааныштырылсын;
6. Мектепте окуучулардын тамактануусун уюштурууга өндүрүштүк контролду атайын комиссия жүзөгө ашырсын;
7. Комиссия курамы түзулсүн жана төмөндөгү адамдар киргизилсин;
   1. Ташполот кызы Гүлгакы- мугалим, комиссиянын төрайымы
   2. Мокеева Нургүл- мугалим, комиссиянын мүчөсү
   3. Илиязова Гүлиса- мугалим, комиссиянын мүчөсү
   4. Бүдүрова Назира – ата-энелер комитетинин төрайымы, комиссиянын мүчөсү
   5. Жумабек кызы Гүлжан-мугалим, мүчө
8. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жоболор тааныштырылсын.
9. Бракажердик комиссия окуучулардын тамактануусун уюштурууну, тамак-аштын даярдоо сапаты, азык-түлүктүн сапатын карап, санитардык гигиеналык талаптарын көзөмөл жүргүзүлсүн;
10. Төмөндөгүлөрдүн аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы мектеп директору Г.Ш.Жээналиевага милдеттендирилсин.

Мектеп директору Г.Ш.Жээналиева

Сканировано с CamScanner

**№12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 1-4-класстарга ата-энелер чогулушунун отуруму №1 Протоколу**

1.09.2022 Кош-Булак айылы.

Катышканы-40

## Күн тартибинде каралуучу маселелер:

**1-4-класстардын окуучуларына ысык тамак берүү жөнүндө**

Угулду, күн тартибиндеги каралуучу маселелер боюнча мектептин директорунун милдетин аткаруучусу Жээналиева Гүлүм билдирүү жасады.

2021-2022- окуу жылындагы БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасы тарабынан ысык тамак берип келгенбиз . Анын убактысы бүткөндүгүнө байланыштуу сиздер тараптан акча чогултуп балдарга ысык тамак берсек. Былтыркы жылы окуучуларыбыз ысык тамак ичип, ден соолуктары чыңалып, сабакка болгон кызыгуулары арткан. Быйылкы окуу жылында дагы ар бир ата-эне өз балдарыныздар үчүн акча чогултуп берсениздер.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Бүдүрова Назира:** Былтыркы окуу жылында балдарыбыз тамак ичип жакшы болду, быйылкы жылы азык-түлүк кымбат болгондуктан акчага кичине кошуп 150 сом кылалы. Баардыгын эсептеп чыктык.

**Щевцова Татьяна:** Туура. Дилбара эже эсептеп калькуляцияны эсептеп чыгарып берсе ошого жараша алалы.

**Адыкеева Айзат:** Ар бир айда класстардын ата-энелер комитети эле алып, өткөрүп берели.

**Шералы кызы Жеңишкүл**: Мен кыздарыма 150 сомдон бере албайм. Мүмкүн болсо бирөөнө эле берип турайын.

Ата-энелер, мугалимдер өз ойлорун айтып, талкуууга алышты.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, Токтом кылат.**

1. Ата-энелер айына 150 сомдон, аз камсыз болгон үй бүлөнүн кызы Абышова Гүлпери Сүйүналиевна бошотулсун.
2. Ар бир айдын 15инде ата-энелер комитети тамак-аш ала турган акчаны чогултуп алып келишсин.
3. Азык-түлүк алып келүү жагы 1-2-3-4-класстардын ата-энелер комитетине милдеттендирилсин.
4. Ар бир айда отчётун түзүп, тапшыруу жагы Акматова Дилбарага милдеттендирилсин.
5. Көзөмөлгө алуу жагы мектеп директоруна жана брокожердик комиссиянын курамына жүктөлсүн.

Чогулуш башчысы:__________ Жээналиева Гүлүм

Катчы:__________Жумабек кызы Гүлжан

Сканировано с CamScanner